**СУЗАК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КЕҢЕШМЕСИНИН**
**№ 103 ПРОТОКОЛУ**

**Сузак айылы** **13.04.2021**

Комиссия мүчөлөрүнүн жалпы саны: 12
Кеңешмеге катышкандардын саны: 10

Күн тартиби:

1. "Клооп-Медиа"коомдук фондунан түшкөн арыз жөнүндө

Күн тартибиндеги маселе боюнча төрага М.Кыргызбаев төмөндөгүлөргө токтолду: 2021-жылдын 13-апрелинде Борбордук шайлоо комиссиясынан Сузак АШКсына "Клооп Медиа" коомдук фондунан даттануусу келип түшкөн. Ал данттанууда райондогу № 2057-жана 2413-шайлоо участкаларында добуш берүү учурунда АСУ аппаратынын жанында комиссия мүчөлөрү шайлоочулардын бюллетенин АСУ аппаратына салып жаткандыгы байкалды деген мазмунда арыз жазган.

Бизге 2057-шайлоо участкасында эч кандай арыз түшпөгөндүгүн участканын төрагасы, катчысы жана комиссия мүчөлөрү да билдиришти.Алардын билдириши боюнча: 2021-жылдын 11-апрель күнү добуш берүү башталганда "Коомар-Медиа" коомдук фондунан Алыбекова Айгерим Асымкуловна аттуу байкоочу барган. Саат 09 дар чамасында "Мен адашып келип алыпмын, 2057- шайлоо участкасына баруум керек болчу"-деп чыгып кеткен.Ошол боюнча ал шайлоо тилкесине бул коомдук уюмдан байкоо жүргүзүүгө эч ким барбаган.Бул боюнча 2057 УШКнын АКТысы берилди.

Ал эми № 2413-шайлоо участкасында добуш берүүчү жайда АСУ аппараты бурулуш жерге орнотулгандыктан АСУ аппаратын иштетүүчү комиссия мүчөсү 1,5 метр аралыкта туруу мүмкүнчүлүгү жок. Ошентсе да алыс эле түруп көзөмөлдөп гана турган.Туура эмес салынып калган шайлоо бюллетенин туура салуусун үйрөтүп гана турган.Бирок шайлоочулардын колундагы бюллетенди аппаратка салуу болгон эмес.Добуш берүү убагында мыйзамсыз көрүнүш тууралуу кайрылуу болбогондугу тууралуу АКТ түзүлүп, комиссия мүчөлөрү, байкоочулар кол коюп беришкен

Кезектеги отурум күн тартибиндеги маселени карап, талкуулап төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Клооп Медиа" коомдук фондунун №2057-участкалык шайлоо комиссиясынын атына жазган даттануусу негизсиз деп табылсын.

2. 2413-участкалык шайлоо комиссиясынында АСУ аппаратынын же башка комиссия мүчөсү тарабынан аппаратка шайлоо бюллетенин салуу боюнча мыйзам бузуу болгон жок деп эсептелсин.

**Сузак АШКсынын төрагасы:** **М.Кыргызбаев**

**Сузак АШКсынын катчысы:** **Г.Сапарова**